
кыргз
83.8
Б 17

Айнагүл Базарбаева

# Эчки эмерди куткаруу



Айнагүл Базарбаева

# Эчки эмерди куткаруу



сүрөтчү

Светлана Насынбатова

Бишкек 2023

**УДК 821.51-93**
**ББК 83.84**
**Б 17**

**Б 17** **Базарбаева Айнагүл**
**Эчки эмерди куткаруу** / сүрөтчү Светлана Насынбатова.
– Б.: «Имак Офсет». 2023. – 16 б.

**ISBN 978-9967-33-304-8**

Copyright © 2023. Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0
Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

BY

Бул китеп USAIDдин «Окуу керемет!» долбоорунун алкагында окуу материалдарын классификациялоо боюнча эксперттик топтун мүчөлөрү Б.А. Абдухамидова, К.Р. Акматова, Н.Т. Кабылбаева, Ж.А. Каримова, А.Ж. Муратов, Р.К. Султангазиева, А.Д. Токтомаметов, Б.Б.Топоева-Ставинскаянын катышуусу менен иштелип чыкты.

**ISBN 978-9967-33-304-8**


**УДК 821.51-93**
**ББК 83.84**

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 35262

РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК



Эсен, Айкыз, Элдар райондун борборундагы гимназияда окушат. Үчөө тең жайкы каникулда эс алуу үчүн Ак-Арык айылындагы таята, чоң аталарына келишкен. Чоң ата, таяталары айылдын эң четки көчөсүндө кошуна турушат. Андан ары сары, боз талаа, адырлар уланат.



Ак-Арык айылы жөнүндө мектептеги эң кары мугалим, Доорон агай минтип айткан:

– Силердей бала кезимде Ак-Арык, Кулунду, Жаңы-Жер, Арка деген жерлерде чоңдугу мендей болгон эчки эмерлер жүрчү, – дейт.

– Чоңдугу сиздейби!

Балдар көздөрүн бакырайта, таң калып сурашат. Анткени агайдын бою эки метрдей.

– Ай, балдар! Ошол кезде мен силердей бала болгонмун да. Демек, эчки эмерлердин чоңдугу силердей болчу, – деп жылмаят агай.


Доорон агайдан башка айтса, балдар бул сөзгө ишенер беле, жокпу, ким билет! Агай тамашага салса да, чындыкты гана сүйлөйт. Окуучулар да, мугалимдер да агайды аксакал деп сыйлап турушат.

Азыр балдар мына ошол Доорон агай кеп кылган Ак-Арыкта. Бүгүн алар жашынмак ойноп жатышты. Ушул айылдык үч-төрт бала да бар. Чүчүкулак боюнча Элдар балдарды тапмай болду. Баары ар кайсы жакка чачырап жашынып жатышты. Бири бактын, экинчиси тамдын артына, үчүнчүсү үйдүн ичине шашып, айтор, баары туш-тушка тараштты.

Эсен чуркап баратып эчки камаган короону эстеди. Азыр бош. Кирип бир жерге жашынып алса, аны Элдар эзели таба албайт.

Эсен короого жетип-жетпей тык токтоду. Анын көзүнө манжаларын тарбайтып, тосмого жармашып турган өңү боз, чаар ала, териси одур-бодур, куйруктуу бир нерсе көрүндү. Доорон агайдын сөзү эсине «кылт» дейт түштү. Делдейип бир аз туруп, артка чымын-куюн болуп качты.





Коркконунан өңү кубарып:

– Элда-ар! До.. Доо-рон агай! – деп кыйкырган бойдон эки колун ары-бери булгалап чуркап келатты.

Эми эле үйдүн түбүндө тескери карап, көзүн колу менен жашырып: «1…30…» деп санап бүткөн Элдар Эсенди көрө сала:

– Эсен, чык! – деди дубалды ургулап.

– Элдар, коё тур! Балдарды чакыр! Короодо Доорон агай айткан эчки эмер турат! – деди калтырап, аптыгып сүйлөгөн Эсен.

– Эмне! Койчу, чын элеби! Балдар, чыккыла, оюн бузулду! – деп кыйкырган Элдар короо жакты элеңдеп, чоочуй карады.



– Чыккыла эй, чыккыла ! Эчки эмер! – деди Эсен.

Балдардын жашынган жерлеринен чыгайын деген ойлору жок. Баары ичтеринде «бизди алдап жатышат» деп, тымпыйып үн катпай отура беришти. Тамдын бурчунан аңдыган Айкыз Элдар менен Эсендин чын эле тыбырчылап, ары-бери чуркап коркуп калышкан түрүн көрдү. Эми Айкыз да тызылдап чуркап балдарды чакыра баштады. Алар жашынган жерлеринен биринин артынан бири чыгып келатышты.



– Чын эле эчки эмерди көрдүңбү? Жандуу бекен, кыймылдап турабы? Калп айткан жоксуңбу? Азыр агай айткан эчки эмерлер бул жерде жок да. Деги, өз көзүң менен көрдүңбү! – деди тыпылдаган Айкыз.

– Анан эмне! Жүргүлө, көргүлө анда! А бирок башы көрүнгөн жок, – деди Эсен бир саамга ойлоно түшүп.


– Оюнчук эмеспи? – деди дагы бирөөсү.



– Жок, андай эмес. Чыныгы, тирүү!

– Кеттик, балдар! Баарыбыз чогуу барып көрөлү, – деди Элдар.


Балдар короо тарапка акырын бутунун учу менен басып жөнөштү. Алардын соңунан кыздар жөнөдү. Кээ бир кыздар колдору менен беттерин жаап алышкан.



Балдарды өрүкзардан келаткан Эсендин чоң атасы жана чоң энеси көрүп калды. Чоң атасынын колунда балка, араасы бар. Чоң энеси болсо бош мүшөктү колтуктап алыптыр. Алардын артынан үч-төрт кошунасыда жете келишти. Эсен чоң атасына чуркап барып, көргөнүн божурап айта баштады. Балдар оздору ачылып турушту.

Эсендин чоң атасы жанындагы кишилерге кайрылып:

– Бул балдар эмне деп жатат? Жүргүлө, көрөлүчү, – деди. Эми балдар да, чоңдор да баары топурашып, короо жакка жөнөштү.



Короого 2-3 метр калганда эле, эшикке жармашып турган эчки эмер даана көрүндү. Баш жагы эки тактайдын ортосунда кыпчылып калыптыр.

– Балдар, чын эле эчки эмер экен! Башы тактайга кыпчылып, чыгалбай калган го! – деди Эсендин чоң атасы.



– Айтпадымбы! Чуркап келгенде эле жапжакындан көрдүм да! – деди Эсен балдарга карап.

Чоң кишилер да бул эчки эмердин кайдан келип калганына таң калып, кээси чоочуркап турушту.

– Колу-буту кыймылдап жатат! – деди бирөөсү.

– Ай-а иий, тезирээк жардам бериш керек, – деди Айкыз.

– Албетте, кызым, – деди Эсендин чоң атасы.

– Бул байкуш жаныбар мекенин издеп келген тура! Илгери жаныбар кайсы жерде жашаган болсо, ошол жер мекени болот. Андан көрө, бошотолу! – деген чоң ата араасын алып, эчки эмерге жакын барды. Балдар эч нерсени түшүнбөй, таң калып турушту.

– Алдагы мүшөктү алып келгиле! – деди, чоң ата жанындагы кишилерге. – Эчки эмерди куйрук жагынан мүшөккө салгыла.

Өзү болсо эчки эмер кыпчылган тактайды араалай баштады.

– Эчки эмердин башы бошоордо балдарга этият болгула. Балким, балдар, алысыраак барып турарсыңар? – деди чоң атасы.

– Чоң ата, биз ага боорубуз ооруп жатат, кетпей эле туралычы, – деди Эсен.

Балдар колу менен жардам бербесе да, эчки эмердин эсен-соо тактайдан чыгышын каалашып, чый-пыйы чыгып турушту.

Араланган жыгач «тырс» деп сынды. Башын бир чулгуп алган эчки эмер кантип мүшөктүн түбүнө түшүп кеткенин билбей да калды.

Мүшөктүн оозун байлашкан чоңдор эчки эмерди талаага алып жөнөштү. Балдар чуркурашып, кубанышып ээрчип алышты.

Талаага барганда мүшөктүн оозун акырын чечип, бир азга карап турушту. Эчки эмер оозу ачык мүшөктөн тырбалаңдап жатып, бат эле чыкты да, чуркаган бойдон сары талааны аралап кетти...

Каникул бүтүп Элдар, Эсен, Айкыз гимназияга келгенде Доорон агай адаттагыдай эле жайдары тосуп алды. А балдар болсо Ак-Арык айылындагы окуяны биринен-бири талашып айтып беришти.



РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 35262 д/д



Доорон агай:

– Оо, балдар, баарыңар азамат турбайсыңарбы! Силер да, чоң аталарыңар да, абдан туура, мыйзамга ылайык иш кылгансыңар. Эчки эмер деген жоголуп бараткан жаныбар катары Кызыл китепке кирген. Мен силерди мектеп жыйналышында айтып, бүтүндөй биздин окуучуларга үлгү катары жарыя кыламын! – деди.

Класстагы балдар шатырата кол чаап жиберишти...

РБДЮ
35262 б/ф

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

*Автор*
**Айнагүл Базарбаева**

*Сүрөтчү*
**Светлана Насынбатова**

Бул жана башка электрондук китептерди QR- код аркылуу окусаңыз болот

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- **4.1 деңгээли**
- 4.2 деңгээли

ЖЧК «Имак Офсет» басмаканасында басылды. Нускасы 6233
Бишкек шаары, Матросов көчөсү, 1А
imakofset.kg